
# 4-ТЕМА. ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН САКТООНУ ЖАНА КОРГООНУ ИШКЕ АШЫРГАН СУБЬЕКТТЕР

## 1-лекция. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субьекттери



# Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 2-бөлүмү

# Мыйзамдын 6-беренеси үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашырган 19 субъектти аныктайт, аларга киришет:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети;
2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу, үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча субъекттердин иштерин координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;
3. Сот;
4. Прокуратура;
5. Ички иштер органдары;
6. Социалдык өнүктүрүү органдары;
7. Саламаттык сактоо органдары;
8. Билим берүү органдары;
9. Юстиция органдары;
10. Пробация органдары;
11. Жазаларды аткаруучу органдар;
12. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;
13. Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү;
14. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар;
15. жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары;
16. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени);
17. Адвокатура;
18. Жалпыга маалымдоо каражаттары;
19. Башка органдар жана уюмдар өз компетенцияларынын чегинде (Кризистик борборлор, Шелтер, МЭУ ж.б.).

# Ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү

Мыйзамдын 1-беренесинин 3-1-пункту ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү түшүнүгүн киргизет, ага ылайык, бул үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субъекттеринин кызматташуусуна, коммуникацияга жана маалымат алмашууга негизделген жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чараларды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга жардам көрсөтүүгө багытталган системалуу биргелешкен иши дегенди түшүндүрөт.



Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ар бир субьекттин ыйгарым укуктарында алардын **тыгыз түрдө өз ара аракеттенишүүсүн камсыз кылган ченемдер** караштырылган.

# 2-бөлүм. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субъекттеринин ыйгарым укуктары

Бөлүмдүн мыйзамдык түзүлүшү бардык субьекттер үчүн бирдей жана эки бөлүктү камтыйт

| **Биринчи бөлүгүндө:** | **Экинчи бөлүгүндө:** |
|---|---|
| субъекттин министрликтин/ведомствонун деңгээлиндеги ыйгарым укуктарын караштырат жана төмөнкүлөргө багытталган ченемдерди камтыйт:<br>• үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ишмердүүлүктү уюштуруу,<br>• жардам жана кызмат көрсөтүү стандарттарын иштеп чыгуу,<br>• өздөрүнүн кызматкерлерин даярдоо жаатындагы талаптарды,<br>• башка субъекттер менен өз ара аракеттенишүү үчүн милдеттерди,<br>• айрым башка ыйгарым укуктар | • аймактык органдардын ыйгарым укуктары белгиленген<br>• жабыр тарткан адамдарга адистештирилген жардамдарды жана кызматтарды көрсөтүү боюнча иш-милдеттерди<br>• зомбулук жөнүндө маалыматтарды берүү боюнча талаптарды<br>• ж.б.у.с. |

# Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ыйгарым укуктары

Мыйзамда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө төмөнкүлөрдү ишке ашырат деп белгиленген:

- бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүргүзүүнү камсыз кылат,
- мамлекеттик программаларды иштеп чыгат жана ишке ашырат,
- мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарын, аныктайт,
- мамлекеттик органдардын ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүсүнүн тартибин аныктайт,
- мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүн көзөмөлдөөнү ишке ашырат.

# Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ыйгарым укуктары (уландысы)

- үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоого жана коргоого багытталган мыйзам долбоорлорун демилгелейт, ченемдик-укуктук актыларды кабыл алат,
- үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө кызматтарды көрсөтүүнүн жана жардам берүүнүн мамлекеттик стандарттарын бекитет,
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ишине көмөк көрсөтөт;
- укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө мыйзамдарга ылайык үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууну жүзөгө ашырат;

# Прокуратура органдарынын ыйгарым укуктары

- Прокурорлорго үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан, ден соолугунун абалы, жаш курагы боюнча же башка себептерден улам сотто өз укуктарын жана эркиндиктерин өзү коргой албаган адамдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо максатында сотко кайрылуу укуктары жүктөлгөн.
- Прокуратура органдары үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттердин отчет берүүсүн жана түзүүнүн бирдиктүү тартибин белгилейт, ага каршы күрөшүүнүн тактикасын жана методикасын иштеп чыгуу менен үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү кылмыштуулуктун абалына талдоо жүргүзөт жана болжолдойт.

# Прокуратура органдарынын ыйгарым укуктары (уландысы)

- Прокуратура органдары кварталына бир жолудан кем эмес өз сайтына үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча прокуратура органдарынын иши жөнүндө статистикалык жана башка маалыматтарды жайгаштырууга милдеттүү.
- Ошондой эле прокуратура органдарына прокуратура кызматкерлеринин үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча квалификациясын жогорулатууну жүзөгө ашыруу жүктөлгөн.

# Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин ыйгарым укуктары

- үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу, андан сактоо жана коргоо боюнча ички иштер органдарынын ишин уюштурат;
- үй-бүлөлүк зомбулукка бөгөт коюу жана ички иштер органдары тарабынан үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга жардам көрсөтүү стандарттарын өз компетенциясынын чегинде иштеп чыгат жана бекитет;
- үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар менен иштөө боюнча оңдоп-түзөөчү программаларды иштеп чыгууга катышат;
- ички иштер органдарынын окуу жайларынын окутуу программаларына үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелерин киргизет, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө өз кызматкерлерин кесиптик даярдоону, кайра даярдоо, квалификацияны жогорулатуу курстарын жана окутуунун башка тиешелүү түрлөрүн камсыз кылат;
- ички иштер органдарынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү ишине мониторингди жүзөгө ашырат;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу башка субъекттер менен өз ара аракеттенет;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ар жылдык отчётту, ошондой эле өзүнүн иши жөнүндө маалыматты ыйгарым укуктуу органга берет;
- кварталына бир жолудан кем эмес үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ички иштер органдарынын иши жөнүндө, ошондой эле берилген убактылуу коргоо ордерлери жөнүндө ведомстволук маалыматты жарандардын жеке маалыматтарын көрсөтпөстөн берилген учурдан тартып 24 сааттын ичинде өзүнүн сайтында жайгаштырат.



# Аймактык ички иштер органдарына кийинки ыйгарым укуктар белгиленген:




- үй-бүлөлүк зомбулукка бөгөт коюуну жүзөгө ашырат;
- убактылуу коргоо ордеринин шарттарынын аткарылышын, анын ичинде атайын каражаттарды пайдалануу менен көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат, мисалы браслеттердин;
- келтирилген кесепеттеринен көз карандылуу түрдө үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды кылмыш-жаза жоопкерчилигине же укук бузуу боюнча жоопкерчиликке тартуу үчүн чаралардын комплексин ишке ашырат;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө алдын алуучулук жана маалыматтык иштерди калк арасында жүргүзөт;
- үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын оңдоп-түзөөчү программадан өтүүсүн көзөмөлдөйт;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу башка субъекттер менен өз ара аракеттенет;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдардын, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдардын эсебин жүргүзөт.

Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 2-бөл., 10-беренеси. 27-апрель, 2017-жыл, № 63.

# Саламаттыкты сактоо органдарынын ыйгарым укуктары (Мыйзамдын 12-беренеси)

Төмөнкүдөй ыйгарым укуктар жүктөлгөн:

- саламаттыкты сактоо уюмдарынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча иштерин уюштуруу жана көзөмөлдөө,
- жабыр тарткан адамдарга жардам көрсөтүүнүн медициналык-санитардык стандарттарын иштеп чыгуу жана бекитүү,
- үй-бүлөлүк зомбулук суроолору боюнча медициналык кадрларды даярдоону жана кайра даярдоону уюштуруу,
- үй-бүлөлүк зомбулукту айкындоо, жана үй-бүлөлүк зомбулук учурларында медициналык-санитардык жардам көрсөтүү,
- бул чөйрөдө маалыматтык жана агартуучулук ишти жүзөгө ашыруу боюнча ыйгарым укуктар жүктөлгөн.



# Саламаттыкты сактоо органдарынын ыйгарым укуктары (уландысы)

**Үй-бүлөлүк зомбулуктун издерин документтештирүү жана медициналык кароону жана соттук экспертизаларды жүргүзүү:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 13-сентябрындагы №562 Токтому менен бекитилген зомбулукту, кыйноолорду жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же адамдын кадыр-баркын басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн медициналык документтештирүү Эрежелерине ылайык жүргүзүлөт (Стамбул протоколунун Принциптери боюнча)



# Билим берүү органдарынын ыйгарым укуктары (Мыйзамдын 13-беренесинин 1-бөлүгү)

Төмөнкүдөй ыйгарым укуктар жүктөлгөн:

- билим берүү органдарынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ишин уюштуруу,
- алардын бул чөйрөдөгү ишмердүүлүгү жөнүндө көрсөткүчтөрдү чогултуу жана отчетту даярдоо, бул жаатта мониторингди жана талдоону жүзөгө ашыруу,
- билим берүү кызматкерлерин даярдоо жана кайра даярдоо,
- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан окуучуларга консультация берүүнү уюштуруу,
- билим берүү жана тарбиялоо программаларын иштеп чыгуу.



# Билим берүү уюмдары менчигинин формасына карабастан үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө милдеттүү (Мыйзамдын 13-беренесинин 2-бөлүгү):

1. окуучуларга карата үй-бүлөлүк зомбулуктун айкындалган фактылары жөнүндө ички иштер органдарына кабарлоого;
2. окуучулар үчүн үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага бөгөт коюу боюнча билим берүү жана тарбиялоо программаларын ишке ашырууга;
3. окуучуларга, ата-энелерге жана аларды алмаштыруучуларга үй-бүлөлүк зомбулукка жол бербөө жана андан сактоо жана коргоо боюнча чаралар жөнүндө маалымдоого;
4. үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган окуучулардын социалдык кызмат көрсөтүүлөргө жана жардамга муктаждыктарын эсепке алууну, мониторингди жана талдоону жүргүзүүгө;
5. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу башка субъекттер менен ара аракеттенүүгө.



# Юстиция органдарынын ыйгарым укуктары

1. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө мыйзамдардын талаптарына ылайык, **мамлекет кепилдеген сапаттуу юридикалык жардамды** көрсөтөт.
2. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча ченемдик укуктук актыларды жана башка маалыматтарды жайылтат.
3. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу башка субъекттер менен өз ара аракеттенет;
4. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ар жылдык отчётту, ошондой эле өзүнүн иши жөнүндө маалыматты ыйгарым укуктуу органга берет.



# Пробация жана жазаларды аткаруу органдарынын ыйгарым укуктары

- Мыйзамдын 14-1-беренесинде үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар менен иштөөнүн жаңы механизмин киргизүүнү караштырат, ага ылайык **үй-бүлөлүк зомбулук жасаган пробация кардарлары үчүн оңдоп-түзөөчү программаларды өткөрөт.**
- Мыйзамдын 14-2-беренеси үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жазаларды аткаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарын караштырат. Тактап айтканда, алардын пенитенциардык мекемелерде жазасын өтөп жаткан соттун өкүмү менен бул чара дайындалган **үй-бүлөлүк зомбулук жасаган соттолгондор үчүн оңдоп-түзөөчү программаларды өткөрүү** милдеттери бекитилген.

# Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ыйгарым укуктары (Мыйзамдын 16-беренеси)

- Мыйзамдын 16-беренесине ылайык, Акыйкатчы (Омбудсмен) чечимдери же аракеттери (аракетсиздиги) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө адам укуктарын жана эркиндиктерин бузууга алып келген кызмат адамдарына жана кызматкерлерге карата **кылмыш-жаза иши боюнча тартиптик өндүрүш же сотко чейинки өндүрүш козгоо жөнүндө өтүнүч менен сунуштамаларды** мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, менчигинин формасына карабастан ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга жөнөтөт.

- үй-бүлөлүк зомбулук маселелери боюнча атайын баяндамаларды даярдайт жана/же бул маселелерди адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин сактоонун абалы жөнүндөгү ар жылдык баяндамаларына киргизет.

# Адвокатуранын ыйгарым укуктары (Мыйзамдын 17-беренеси)

- Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга юридикалык жардам көрсөтүү чөйрөсүндөгү адвокаттардын квалификациясын жогорулатууну уюштурат,
- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтөт,
- Адвокатуранын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү иши жөнүндө маалыматты жылына бир жолудан кем эмес өзүнүн сайтына жайгаштырат.



# Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ыйгарым укуктары

1. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан алынган үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча иштер жөнүндө маалыматтарды жыйноону жана талдоону жүзөгө ашырат.
2. Облустардын райондору жана шаарлары боюнча үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалыматтарды эсепке алат.
3. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо көйгөйлөрү боюнча маалыматтык, агартуучулук ишти уюштурат;
4. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча иштер жөнүндө ар жылдык жыйынтыктоочу отчетту ыйгарым укуктуу органга берет.

# Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ыйгарым укуктары (Мыйзамдын 18-беренеси)

1. Министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, администрациялык ведомстволордун жана башка мамлекеттик органдардын мамлекеттик аймактык бөлүмдөрүнүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттешкен макулдашылган ишин камсыз кылат жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына аларга өткөрүлүп берилген функциялар жана ыйгарым укуктары боюнча алардын ишине мамлекеттик көзөмөлдү жүзөгө ашырат.
2. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чараларды аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо программаларына киргизет, алардын аткарылышын көзөмөлдөйт.

# Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ыйгарым укуктары (уландысы)

3. үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан алынган маалыматтарды жыйындылоону жана талдоону жүзөгө ашырат;
4. жергиликтүү комитеттердин үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча иши жөнүндө ар жылдык отчетун ыйгарым укуктуу органга берет;
5. жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызматкерлеринин үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча квалификациясын жогорулатуу боюнча программаларды уюштурат;
6. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу башка субъекттер менен өз ара аракеттенишет;

# Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ыйгарым укуктары (уландысы)

7. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча маалыматтык, агартуучулук ишти уюштурат;
8. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча программаларды ишке ашыруу үчүн каржылык, техникалык жана башка жардамдарды мыйзамдарга ылайык тартат;
9. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча иштер жөнүндө ар жылдык жыйынтыктоочу отчётту ыйгарым укуктуу органга берет;
10. үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын-алуу чөйрөсүндөгү аймактык программаны иштеп чыгат, бекитет жана ишке ашырат.

# Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары

**Мыйзамдын 19-беренесинин 1-бөлүгү Жергиликтүү кеңештер (шаардык, айылдык) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө төмөнкүлөрдү аткаруусун караштырат:**

1. Аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо программаларынын алкагында үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чараларды бекитет жана алардын аткарылышын көзөмөлдөйт;
2. Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө мыйзамдарга ылайык муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жардам берүүсүнүн стандарттарын бекитет;
3. үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча тиешелүү программаларды ишке ашырууга жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу социалдык кызматтарды түзүүгө жергиликтүү бюджетте каражаттарды карайт.

# Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары (уландысы)

**Мыйзамдын 19-беренесинин 2-бөлүгү Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына (мэриялар, айыл өкмөттөр) кийинки ыйгарым укуктарды караштырат:**

1. калкты социалдык тейлөөнүн негиздери жөнүндө мыйзамдарга ылайык, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо көйгөйлөрү боюнча социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурат;
2. үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча программаларды иштеп чыгат жана ишке ашырат, жарандарды үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу социалдык кызматтарды түзөт;
3. кабыл алынган программалардын натыйжалуулугуна жана майнаптуулугуна мониторингди жана баа берүүнү жүзөгө ашырат;
4. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү программаларды ишке ашыруу үчүн инвестицияларды жана гранттарды тартат;

# Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары (уландысы)

5. өзүнүн аймагында үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалыматтарды эсепке алууну жүргүзөт;
6. жергиликтүү деңгээлде социалдык органдарды - үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттерди түзүү аркылуу, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттерди ведомстволор аралык координациялоого жана алардын өз ара аракеттенүүсүнө көмөк көрсөтөт;
7. үй-бүлөлүк зомбулукту жасоо кооптуулугу бар экендиги жөнүндө ички иштер органдарына маалымдайт;
8. жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызматкерлеринин үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча квалификациясын жогорулатуу боюнча программаларга катышат;
9. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча иш-чараларды ишке ашыруу жөнүндө маалыматтарды жылына бир жолудан кем эмес өздөрүнүн сайттарына жарыялайт.

# Жалпыга маалымдоо каражаттарынын ыйгарым укуктары (Мыйзамдын 21-беренеси)

Республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу жалпыга маалымдоо каражаттары зомбулуктун ар кандай формаларын кабылдабоону коомдук аң-сезимге сиңдирүү максатында үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелерин чагылдырышат, өздөрүнүн редакциялык саясатында гендердик басмырлоону жана зомбулукту үгүттөөгө жол бербөөнү камсыз кылышат жана социалдык жарнамага бөлүнүүчү эфир убактысынын же басылмалык аянттын чектеринде үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча маалыматтарды жайгаштырууга милдеттүү.

# Коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын катышуусу  (22-берене)



Мыйзам ткоммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын, башка органдардын жана жарандардын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоого жана коргоого катышуусун жөнгө салат.

Мыйзам мындай уюмдарды **үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө мыйзамга ылайык социалдык, укуктук, юридикалык, психологиялык жана башка жардам жана колдоо көрсөтүү ыйгарым укуктарын караштырат.**

Мыйзам **үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттерди түзүү** мүмкүнчүлүгүн караштырат, алар жергиликтүү бийлик органдары жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары тарабынан түзүлөт.